МАКУЛДАШЫЛДЫ
ЖАМУнун Окумуштуулар
Кеңеши тарабынан
сунушталган
"26" 09 2023-ж.
№2 протоколу

БЕКИТЕМ
Б.Осмонов атындагы
ЖАМУнун ректору
профессор Усенов К.Ж.
"___" ______ 2023-ж.

**ЖАМУнун профессордук - окутуучулук курамынын бош кызмат орундарына жарыяланган конкурска берилген документтерди талдоо, Окумуштуулар кеңешине сунуштарды даярдоо үчүн түзүлгөн конкурстук комиссия жөнүндө**

**ЖОБО**

ЖАМУнун профессордук окутуучулук курамынын бош кызмат орундарына жарыяланган конкурска берилген документтерди талдоо, Окумуштуулар кеңешине сунуштарды даярдоо үчүн тузулгөн конкурстук комиссия ректор тарабынан ар бир окуу жылы үчүн түзүлөт.

Конкурстук комиссиянын төрагасы болуп окуу иштери боюнча проректор дайындалат.

Конкурстук комиссиянын курамына факультеттердин (колледждердин), түзүмдүк бөлүмдөрдүн, кадрлар бөлүмүнүн (катчы), ошондой эле кесиптик кошундун өкүлдөрү кирет.

Конкурстук комиссия ар бир талапкердин документтеринин талапка ылайык келишин карап чыгат.

Конкурстук комиссиянын чечими ар бир талапкер боюнча кыска корутундуну камтыган протокол менен таризделип, конкурстук комиссиянын төрагасы жана катчысы кол коет.

Конкурстук комиссия ар бир талапкердин документтерин карап чыккандан кийин Окумуштуулар Кенешин талапкерлер боюнча кафедранын чечими менен тааныштырып, комиссия тарабынан жактырылган талапкерди шайлоого катышууга сунуштайт (же сунуштабайт). Эки же андан көп талапкерлер катышкан учурда комиссия бир гана талапкерди сунуштай алат.

Комиссия өзү сунуштаган талапкер боюнча сунушун иштеп жаткан талапкердин университетте иштеген мезгилдеги жетишкендиктерин (же кемчиликтерин) эске алуу менен ачык добуш берүү аркылуу чыгарат.

Конкурстук комиссиянын талапкер боюнча сунушу калган талапкерлердин конкурса катышуусуна тоскоолдук боло албайт.

Конкурстук комиссия түрдүү шарттарды эске алып Окумуштуулар Кеңешине шайлоолорду өткөрүү, анын мөөнөтүн жылдыруу, шайлоого байланышкан башка маселелер боюнча да өз сунуштарын бере алат.